**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС**
**ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**«26»-декабрь 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезексиз XXI сессия**

**ТОКТОМ №6 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-ноябрындагы №1024-т тескемесине ылайык республикалык бюджеттен Манас шаарынын жергиликтүү бюджетине бөлүнгөн 4 295 100 сом өлчөмүндөгү максаттуу трансферттерди чыгымдоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 78-беренесине, Кыргыз Респбуликасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-ноябрындагы №1024-т сандуу тескемесине ылайык, 24.12.2025-жылдагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна ылайык, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз XXI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында тейлөө менен алектенген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарына эсептөө коэффициенттерин жогорулатууга республикалык бюджеттен Манас шаарынын жергиликтүү бюджетине бөлүнгөн 4 295 100 (төрт миллион эки жүз токсон беш миң бир жүз) сом өлчөмүндөгү максаттуу трансферттерди жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекеме ишканалардын тейлөө менен алектенген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарына кошумча төлөнүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Манас шаарынын жергиликтүү бюджетине келип түшкөн максаттуу трансфертти Манас шаарынын 2025-жылга бекитилген бюджетине киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү тактоо Манас шаарынын финансы башкармалыгынын начальнигине (Т.Аким уулу) милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Манас шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага Болотов Н.Б.**